Сабатаров Б.О., Усубалиев Р.Э.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# «МАНАС» ЭПОСУ – МЕКЕНЧИЛДИК ИДЕОЛОГИЯ

*Бул макалада «Манас» эпосундагы башкы каармандардын образы баяндалынган.*

«Манас» эпосунун негизги идеялык максаты – Ата журтту, Мекенди коргоо, мурда чабылып, чачылган уруулардын башын кошуп, кыргыз элинин эркиндиги, тынчтыгы, биримдиги үчүн душмандарга каршы туруу. Дастанда, негизинен, баатырдын эл-жерин сүйүү, эл намысын коргоо багыты өтө бийик даңазалап көрсөтүлөт. Бул жөнүндө кыргыздарда төмөндөгүдөй макалдар айтылып калган: «Жатып өлгөнчө, атып өл» «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Убададан тангaнды, антты бузганды, чыккынчылык кылганды төбөсү бийик көк урсун, төшү түктүү жер урсун» деген кыргыздардын учкул улуу сөздөрү адамдардын намысына тийип, туура жолго тарбиялап келген. Коңшулаш элдер менен ынтымактуу дос болушуп, кыз алышып-беришип, туугандашып, өмүр сүрүп жашап келген. Жоо келсе, бир жакадан баш чыгарып, бир жеңден кол чыгарып, эл-журтту чогуу коргоп, душмандарга туруштук берген.

Эпостун дагы бир негизги насааты – чачылган элди чогултуп, өзүнчө эгемендүү мамлекет түзүү. Мына азыр ушул тапта биздин өлкө эгемендүү болгону менен, элибиз чачылып ар кайсы жакта жүргөнү өкүндүрбөй койбойт.

Эми эпостогу каармандарга берилген сапаттарга кайрылсак.

Кыргыз эли илгертен сөзгө абдан чоң маани берип, аны бапестеп багып, ушул күнгө чейин жоготпой колдонуп келет.

«Аттан аттын неси артык,
Ашыра баскан изи артык.
Эрден эрдин неси артык,
Эр сайышта күчү артык.
Хандан хандын неси артык,
Калкына кылган иши артык».

Мына бул сөз так **Манас** атабызга карата айтылса керек. Демек, «Аталар жолу - чоң тарых». Чыйырды энебиз боюнда болгондо, жолборстун жүрөгүнө талгак болгон деп айтылат. Бала төрөлгөндө, эки уучуна уюган кара кан чеңгелдеп түшөт. Оозанткан үч карын майды бир жейт, энесинин эмчегин бир соргондо - сүт, экинчи соргондо кан чыгат. Бул эбегейсиз белгилердин баары келечекте анын жеңилбес, душман алдында каардуу эр болорун билгизет. Кыргыз эли бул бала келечекте Ата мекенин коргоочу, чачылган журтту чогултуучу эр азамат болорун күтөт. Ал турмак, душмандар да Манастын келечегинен коркуп, жок кылуу жолун издешет. Манас баатыр балбан гана эмес, учурунда иштин ыгын, жүйөөсүн билген акылман, калыс, адилет, көпчүлүктүн күчүнө ишенген жана көпчүлүктүн мүдөөсүнө түшүнгөн чынчыл, адамгерчиликтүү, боорукер адам катары сыпатталат. Ал ар дайым казатка жөнөрдүн алдында өзүнүн жеке бийлигин жүргүзбөй элин, чоролорун жыйнап, шартты түшүндүрүп, алар менен акылдашып иш кылган.

Тентип, чачыранды болгон кара ниет туугандары Көзкамандарды көчүрүп

келип, аларга жакшы шарт түзүп, үй-жай, мүлк берет, анткени Манас биримдүүлүктүү, достукту, жолдоштукту, эрдикти, бийик баалайт. Манас урууну, тектүүлүктү жактырбай, бирдиктүүлүктү жактырган. Анткени чоң казатка баратканда аскерин согуш жайын билген Алмамбетке башкарткан. Ошол мезгилде чалгындын жолун талашып, Тал-Чокуда Алмамбет менен Чубак чатакташканда, Манас эч кимисине болушпай, сабырдуулук менен экөөнү жараштырат. Эки баатыр тең Манастын акылмандыгына ыраазы болуп, алдына түшүп, кечирим сурашат. Ошол учурда душманды жеңиш үчүн экөөнүн ынтымактуулугу өтө зарыл экендиги, баатырлык жагынан Алмамбет да, Чубак да өзүнөн кем эмес экендигин, бул экөөсүз жоону жеңе албастыгын Манас жакшы билген. Согуш өнөрү жагынан Алмамбет өзүнөн алда канча жогору экендигин баалап, ага кол башчылыкты берип, өзү жөнөкөй аскер катары жүрөт.

Баатырлар Манасты өтө жогору кадырлашат, айтканын эки кылбайт. «Жоону сайса, биз сайдык, аты калды Манаска» - дешет. Ошондой болсо дагы бүткүл эрдик, бийлик атак-даңкты чоролор Манаска беришкен.

Бул Манастын ашкан ыктуу айлакер, ар иштин көзүн көрүп, тааный билген уюштургуч, элди мыкты башкарган кеменгер айкөл экендигин далилдейт. Манастын каармандык, баатырдык күчү кандай зор болгон. Бирок ал жекелик өзүнүн сүйүүсүн ар намыстан жогору койгон эмес. Манас ар дайым Каныкейдин акылман кеп-кеңешин угуп, анын акылы менен иш кылган. Демек, Манас жер жүзүн дүңгүрөткөн баатыр, миңдеген элдерди багынткан шер болсо да, мээримдүү акылман аялды өтө жогору баалаган.

Манас куулук-шумдугу жок, калыс, ишенчээк, айкөл, накта баатыр болгон, орчунду иштерди эл-журту менен кеңешип, акыл калчап, акылман аксакалдары Бакай, Кошойду кунт коюп угуп, тилин алган. Өзү ката кетирген болсо, кандай гана кыйын болбосун, мойнуна алып, күнөөсүн тарта билген.

Манастын жогорку мыкты сапаттары менен бирге анын жеке мүнөзүндө аңкоолук, кенебестик да бар болгон. Кээ бир учурда Манас байкабай калган мезгилде Бакай менен Каныкей кыраакылык менен акыл-кеңешин берип турган. Манасты эпосто «канкор Манас» деген туруктуу сын атооч моңголдордун «Хонгор» (кайраткер, тайманбас) деген сөзүнөн келсе керек. Манас баскынчыларга, чыккынчыларга ырайымсыз, айбаттуу, бирок өзү айкөл, ак көңүл, пейли таза, жүрөгү кең, ниетин жакшылыкка багыштаган адам болгондуктан, башкаларды да өзүндөй ак пейил көрөт, адамкерчиликке ишенет. Эпосто Манас төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиде мындай борум жок.
Айткан кеби аткан ок,
Айбат менен караса,
Адамда мындай сонун жок.
Азырейил түрү бар…
Кирпигине караса,
Ач албарстын учу бар.
Миң балбандын күчү бар.
Жолборс маңдай, таш жүрөк

Жоруну калың, пил билек
Акылы терең, ачуу кем
Айткан сөзү элине эм,
Айбат сакал, тик мурут
Ачууланса каарына
Турар эмес эч бир журт, - деп айтылат.

Демек, Манастын образында күчтүүлүктүн, кайраттуулуктун, туруктуулуктун, айкөлдүктүн, сабырдуу-луктун болушу, адамгерчилиги, туугандыкка жакын, эли-журту үчүн канын-жанын берүүгө даяр экендиги ачык сыпатталат. Ошондуктан Манастын элеси таланттар тарабынан төмөндөгүдөй укмуштарга теңештирилет: толкундуу дарыяга, түбү жок деңизге, алтын күмүштүн ширөөсүнө, асмандын тирөөчүнө, көчкөн булут, соккон желге, айга, күнгө.

Манастын ар тараптуу ашкан баатыр чоролору болгон. Алардын ар бири түрдүү өнөргө маш: бири кол башчы, бири акылман, чечен, бири жоонун айласын билген баатыр, бири сыйкырчы, бири түн ичинде жол жүрсө, түлкүнүн изинен жаңылбаган чалгынчы, бири төлгөчү, бири колунан көөрү төгүлгөн уста, бири шайыр ырчы, бири далычы, бири дарыгер жана ушул сыяктуу толгон өнөрмандар. Алардын ичинен эң акылман кеңешчиси - Бакай. **Бакай** – акылмандыктын, сабырдуулук-тун, калыстыктын, кең пейилдиктин үлгүсү. Ал адамдын ички дүйнөсүн сезет, башкалардын ой пикирин, болуп жаткан шартты терең түшүнөт.

Бакай Манасты жанындай жакшы көрөт, ал жаңылса, жемелеп акылнасаатын айтат, жасаган ийгиликтерине абдан катуу кубанат. Бакайда аталык, чоң аталык мээрим сезими өтө күчтүү, баласаак. Манас өлгөндө Каныкей Абыке, Көбөштөрдөн коркуп, баласы Семетейди койнуна салып, өз төркүнүнө качып кеткенде, Семетейди өз небересиндей сагынып:

Семетей көзүн бир көрбөй,
Канткенде тирүү турайын
Жесиримди көрөйүн
Жетимимди өбөйүн
Найзага бакан желегим,
Манастан калган белегим, - деп Семетейди абдан сагынгандыгын билдирет.

Манастын ички-тышкы иштерине кеңеш берип, дайыма аны жандап жүргөн акылман Бакай. Ал тынччылык мезгилде эл арасындагы кем-кетикти бүтөп, чырчатакты басып, журт башкарат. Жоокерчиликте Манастын туусун кармап кол баштап, майданга кирет. Ал согуштун ыгын, элдин салтын, наркын, баатырдык, адамгерчиликти жакшы билген адам. Эпосто Бакай мындай сыпатталган:

Кабылан Бакай – доо султан
Ак калпагы казандай,
Абаң Бакай ак жалдын
Айкырса үнү - азандай
Астыга салса ак жолтой
Аркасы бийик сан колдой
Амалы артык кул ошол,
Капылет жерден сөз тапкан,

Асмандан жылдыз козгогон
Акыреттик дос болгон,
Олуя чалдын уулу ошол.

Бул сапаттарда Бакайдын эрдигин, Манастын жеңишинин даңкы үчүн көп эмгек сиңиргендигин, элдин тилегин, мүдөөсүн айтып турган кеңешчи, тарбиячы, үйрөтүүчү устат экендигин билгизет.

«Адамды жер которот
Акылдууну эл которот» - деген кыргыз элинин накыл сөзү Бакай бабабызга таандык болуш керек. Азыр деле Бакай бабабызга окшогон акылман аксакалдарыбыз көп эле кездешет, бирок аларды азыркы жетекчилер жакшы көңүл коюп укпай жатат көрүнөт. Ага себеп эки ажобуздун качып кеткени далил болуп жатпайбы.

**Каныкей.** Каныкейдин келбетинде кыргыз зайыптарындагы ак ниеттүүлүк, калыстык, өмүрлүк жолдошуна берилгендик, эл-жерди сүйүү, душманды, кара ниеттикти жектөө өңдүү мыкты сапаттардын бардыгы чогулган. Каныкей кыраакы, жөн билги, акылман, колунан көөрү төгүлгөн уз аял.

Каныкей Манастын сүйгөн жары гана эмес, акылман кеңешчиси болот. Өзү абдан жаш болсо да, акылмандык, сабырдуулук менен Манастын улуу зайыптары менен күнүлүшпөй, тил табышып, урмат-сыйын көрсөтүп, колго алып тез арада үй-бүлөнүн гана эмес, бүт кыргыз элине баш көз болуп, сыйга, кадыр барка ээ болот. Манасты Манас деген атка жеткирген - Каныкей. Ал керегинде ашкан уздугун көрсөтүп, Манаска ок өтпөс Ак олпокту, бадана тонду, Кошойго кандагайды, кырк чорого бүт согуш кийимин жасаган болсо, керегинде чачын төбөсүнө түйүп, эр кийимин кийип, жоого каршы турат.

«Биз Манаска келгени
Асыл жеңем Каныкей
Шарапка чайкап бал берди
Алтынга салып эт берди
Жакасы алтын жеңи жез
Кош бодоно торгой көз,
Ок өтпөс тонду кийгизди», - дейт Ырамандын ырчы уулу.

Каныкейдин иштеген иштери, акылы, максаты: кыргыз элин көз каранды кылбай душмандарга каршы туруп, Ата мекенди, биримдүүлүктү сактап калууга багытталган. Каныкей энебиздин жогоруда айтылган сапаттары азыркы кыргыз кыз-келиндерине «Керегем сага айтам, келиним сен ук», - деген макалындай насыят сабак болот деп ойлойбуз.

**Кошой.** Эпосто бардык карман-дардан улуу. Ал көптү көргөн билген акылман, кыраакы, айлакер адам болгондуктан, ага чоролор, хандар Манас баш болуп ыйбаа кылып, акылын угуп, айткандарынын баарына макул болушкан.

Кошойду улуу, нарктуу ага катары кээде эч ким сөз кайрып көрбөгөн. Учурунда Манасты да эл алдында жемелеп акыл айткан. Ал баатырларды, кандарды тизгиндеп, эл журтка зыяндуу боло турган кылык-жоруктарын тыйып турган. Көкөтөйдүн ашында Манас Үрбүнүн жаагын айра чапкандыгы үчүн баатырлардын көпчүлүгү наарazы болуп, чатак баштаганда, Кошой: «Дос душмандын

көзүнчө чыр чыгарбай, аш тарап, эл кеткенде, таарынчыңарды өз ара чечишкиле», - деп жулунуп турган баатырларды токтотот.

Кошойдун келбети аркылуу элдин улуу-кичүүгө болгон мамилеси, өз ара сыйы, адеби, жүрүш-турушундагы урматы, маданияты сүрөттөлгөн. Кошой бой келбеттүү, Манастын кийими да чак келбеген зор балбан:

Ат башына күн түшсө,
Ооздугу менен суу ичет.
Эр башына күн түшсө,
Өтүгү менен суу кечет.
Эл башына күн түшсө

Кыштын күнү үй чечет, - деп айтылган кыргыздын улуу сөзүнүн тарбиялык мааниси Көкөтөйдүн ашындагы калмактардын мас болгон пилдей чамынган балбаны Жолой менен күрөшкө эч бир баатыр чыкпай койгондо, 95 жаштагы Кошой намысына чыдабай өзү чыгат.

Кайран Кошой атаңар
Карай карай сүйүнүп
Кандагайды кийинип
Кудуретке жалынып
Ажал жетсе өлүүгө,
Дарман келсе абакең
Кытайлардын доо Жолой
Күркүлдөшүп көрүүгө,
Чыкмак болду майданга
Намыс алып берүүгө.
Тоодой Жолой балбанды
Томкоруп жерден алганы
Көтөрүп жерге уруптур
Жолойду кудай уруптур, - деп айтылат эпосто.

Күрөштөн алган чоң байгесин Кошой кедей-карыптарга таратып берет. Манас каза болгондо Каныкейдин биринчи таянганы Кошой карыя болот. Мында Кошойдун жогоруда аталып өткөн сыпаттарынан сырткары, эли-жерин сүйгөн, эл намысын коргогон аксакал карыя катары баа берилет.

**Алмамбет –** эпостогу эң негизги каармандардын бири болуп саналат. Манас анын келишине ат чаап, той берип, энеси Чыйырдынын эмчегин эмизип, ини кылып алат. Карыган кемпирдин эмчегинен Алмамбет эмгенде кадимкидей булактап сүт чыгат. Бул окуя Алмамбет баатырдын келечекте Манаска бир туугандай берилген үзөңгү жолдош болорунан белги болот. Манас ага ат жакшысын мингизип, тон жакшысын кийгизет, кыздын акылдуу, сулуусун алып берет, эл арасында анын кадыр баркын-көтөрүп, даңкын чыгарат Алмамбет ажыдаардан алты жыл окуп, согуш өнөрүнө каныккан, күн жайлаганды, терең дарыялардын, өзөндөрдүн, суусун соолутуунун амалын билет. Анын билермандыгына, кайратына, берилген достугуна ишенип, чоң казатка бараткандa ага кол башкарууну тапшырат. Алмамбет жоо тараптын (Кытай канынын) уулу ошондой болсо да, Алмамбет менен Манастын мүнөзүндөгү адилеттик, чексиз кайраттуулук,

достукка берилгендик, максатка жетүү үчүн башын тигүү, баатырдык намысты бийик сактоо өңдүү сапаттар бириктирилет. Алмамбет башына күч келгенде өз эллине, Кытайга кошулуп кетет деген шек Манаста эч качан болбойт. Эпосто Алмамбет өз элинин качкыны катары сыналбай, Манастын эң жакын жан жолдошу катары сүрөттөлөт:

Алтын кемер курчанган,
Айдай бетин нур чалган,
Узун бойлуу кең далы
Ары балбан, ары шер
Жекени белге курчанган,
Жети түмөн кол келсе,
Желбегей кирип кол алган,
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Айсарала ат минген,
Түпөгү жок найза алган
Жанына жалаң кылыч байланган, - деп сыпаттайт.

Алмамбетте жалаң баатырдык эмес, кайгы-капалык мүнөз да бар. Анын кайгысы – элинен, жеринен ажырашы, жалгыздыгы. Ал Манаска, кыргызга канчалык берилсе да, өскөн, элин, жерин унутпайт, сагынат. «Эл сагынбас эр болбос» деген сөз эл оозунда Алмамбетке карата айтылса керек. Андан сырткары, эпосто Алмамбет – эң бир татаал каарман. Анын жүрүш-турушу, башка баатырлардыкындай ачык-айкын эмес, астарлуу, миң сырдуу да, миң кырдуу. Алмамбет өзүнүн эли-журтун жан дили менен сүйгөн, достукту, эр намысын бийик сактаган, жоокерлик кесипти мыкты билген кеменгер, баатырдыгы Манастан, Чубактан, Сыргактан, акылмандыгы Бакайдан, сезгичтиги Каныкейден да кем калышпаган өзгөчө сапаттарга ээ болгон. Ошондуктан манасчылардын айтуусунда үлгүлүү оң каарман катары бааланган.

**Чубак** – Нойгут элинин чыгааны, Манастын кенедейинен бирге өскөн үзөнгү жолдошу, кыйышпас досу, жан-дили менен берилген чоросу.

Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири бу дагы,
Найзакердин ыктуусу,
Алышкан жоого мыктуусу,
Адамдын алы жетпеген.
Акбалтанын Чубагы
Көк ырапыс тон ат минген,
Узун бойлуу кең далы
Ач айкырык куу сүрөн,
Акбалтанын Чубагы
Манаска чоро бу дагы, - деп эпосто сүрөттөлөт.

Манастын бир дагы казаты Чубаксыз өткөн эмес. Ал эрдик жагынан Манастан да, Сыргактан да кем калышпайт, баатырдык намысты өтө жогору койгон, эл журтун коргоодо жанын аябайт, айбатынан тайбайт. Айтканын коө бербеген өжөр, бирок

учурунда өз кемчилигин туура кабыл алганды билген. Чубактын мындай кызуу кандуу мүнөзүнө төмөндөгүдөй себеп болгон: Чоң казатта Алмамбет Сыргакты өзү менен кошо чалгынга алып кеткенде ага ыза болуп, Манаска күпүлдөп, «тентип келген калмакты менден жакын көрөсүң» - деп чатак чыгарат. Бакай менен Манас ортого түшүп, эки баатырды ажыратат.

Байкагын Чубак өзүндү
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет
Бөлүнүп калды кыргыз деп
Бөлөк элге кеп кетет, - дейт Бакай.

Манас каарданып, Чубак менен Алмамбеттин аттарын тизгинден алып:

Астыга салсам ак жолум,
Атышка кирсем сан колум,
Алмамбет, Чубак эгизим
Ааламдан ашкан теңизим…
Кылычты сууруп кыйкырып
Катар турба жаныма
Кайран жанды куйдуруп,
Эгиз түгөй эки шер,
Кыла көрбө тамаша, - деп тилдейт.

Чубак куру намыска берилип, башкалардын сөзүнө теригип, кызуу кандуулугу менен Манаска, досуна таарынып көп чатак чыгарат, бул кемчилигин өзү жакшы билет, ачуусу тараганда күнөөсүн мойнуна алып, кечирим сурайт. Чубактын ачуусу учкул болгону менен, өзү ак көңүл, кең пейил, жамандыкты көңүлгө тутпаган, арамы жок ачык, айкөл каарман. Чубак Манасты кудайындай көрөт, сөзүнөн чыкпайт, кандай гана учур болбосун өзүнөн улуу Кошойдун, Бакайдын сөзүн угат, урматтайт. Акбалтанын Чубагы − баатырлыктын, достуктун, айкөлдүктүн эл оозундагы унутулгус үлгүсү. «Жоону сайса, эр сайды, аты калды Манаска», «Манастан Чубак кем бекен» деген ылакаптар бекеринен чыкпаса керек.

Адабияттар:

1. Айкөл Манас баяны. 1-китеп. -Бишкек, 2002, 53-64 бет. - 124-197-бет.
2. Айкөл Манас баяны. 2-китеп. -Бишкек, 2002. - 19-49-бет, 96-114-бет.
3. Манас. Энциклопедия. 1-2 китеп. -Бишкек, 1995.
4. Накыл сөз казнасы. -Бишкек, 2011.